Клиникалык дисциплиналар-1 кафедрасынын №1 кафедралык жыйынынын баяны.

29-август 2022-жыл

Жыйындын торайымы: Маматова С.М.

Жыйындын катчысы: Таалайбек к Г.

Катышкандар:

Жалпы-28

Келгендер-26

Келбегендер-2

Кун тартиби:

1.Кафедранын активдерин бекитуу жана жылдык пландары:

- Кафедранын иш пландарын (сентябрь айы учун, жарым жылдык, бир жылдык)
- Окуу-методикалык усулдук кенештин планын,
- Илимий иштер боюнча иш планын,
- Кураторлордун иш пландарын түзүү, бекитүү.

2.2022-2023- окуу жылындагы кафедранын саттардын эсебин чыгаруу жана окуу жүктөмдөрүн окутуучуларга бөлүштүрүү.

3.2022-2023 жылдарына дисциплиналардын окуу методикалык комплексттерин бекитүү.

4.Кафедранын

- нөөмөт,
- ачык сабак,
- өз ара сабака катышуу,
- калтырылган сабактарды каттоо,
- жатаканага нөөмөткө туруу,
- кураторлордун журналы,
- студенттердин өз алдынча иши журналдарын түзүп бекитүү жана графиктерди түзүү.

5.Ар турдуу маселелер.

5.1. Кафедранын ассистент стажерлорун окутуучу кызматына которуу боюнча.

- ассистент-стажер Оморова Нургул Турдалыевнанын  жылдык отчетун талкуулоо.
- ассистент-стажер Мадраимова Венера Сапарбековнанын  жылдык отчетун талкуулоо.

Угулду: Жыйындын торайымы Маматова С.М. кун тартиби менен тааныштырды жана биринчи маселе боюнча томонкудой баяндама жасады: « Биз жаны окуу жылын баштап жатабыз, алгач кафедрабыздын активдерин бекитип алып андан сон кийинки маселеге өтөлу»-деди. Төмөнку окутуучулардын кандитатуралары сунушталып мугалимдердин жана кафедра башчысынын чечими менен төмөнкүдөгү ПОКды:

1. Оморова А.Н. -кафедранын окуу иштеринин башчысы

2.Таалайбек кызы Гулбурак -кафедранын окуу-методикалык кенешмесинин төрайымы

3.Таалайбек кызы Акмарал.-кафедранын улук куратору

4.Мурзабек к. А. жана Салиева Р.Ш.-кафедранын илимий иштер боюнча жооптуулар.

5. Карабекова Н.М.-сайтка жооптуу кылып дайындалсын.

Кафедранын жылдык иш планын, илимий иштердин планын, куроторлордун иш пландары жана ОМК пландарын тузуу жана ошол боюнча иш алып баруу зарыл экендиги айтылды.

Кафедранын жылдык иш планын тузуу Таалайбек кызы Гулбуракка, илимий иштер боюнча планы Мурзабек к. А жана Р.Ш Салиевага, кураторлук боюнча иш пландарды тузуу Таалайбек кызы Акмаралга жана  окуу-методикалык кенештин пландарын түзүү Оморова А.Н. жүктөлдү.

Экинчи маселе боюнча төмнкүлөр талкууланды:2022-2023-окуу жылдары үчүн кафедранын сааттарынын эсебин чыгаруу жана жүктөмдөрү мугалимдерге бөлүштүрүү кафедранын окуу бөлүмүнүн башчысына жүктөлдү жана жүктөмдөрдү аткаруу толугу менен аткаруу керек экендиги баса белгиленди.

Үчүнчү маселе боюнча кафедра башчысы Маматова С.М. быйылкы окуу жылына төмөндөгү дисциплиналарга ДОМКи иштелип чыккандыгын жана жооптуу топтун текшерүүсүнөн кийин ондолуп түзөлгөнүн билдирди. Ушул отурумда талкуулап, талапка ылайык келсе бекитүү керектигин баяндады.

| № | Дисциплинын аталышы. | Англисче аталышы | кредити | Курсу жана семестри | специалитети | Орду |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ички оорулардын пропедевтикасы 2 | Propedeutics of Internal Medicine 2 | 5 | 3,V | GM | Негизги бөлук |
| 2. | Ички оорулардын пропедевтикасы 1 | Propedeutics of Internal Medicine 1 | 5 | 2, IV | GM | Негизги бөлук |
| 3. | Факультеттик терапия 1 | Faculty Therapy 1 | 5 | 3,VI | GM | Негизги бөлук |
| 4. | Факультеттик терапия 2 | Faculty Therapy 2 | 5 | 4, VII | GM | Негизги бөлук |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5. | Госпиталдык терапия 1 | Hospital therapy 1 | 5 | 4, VIII | GM | Негизги бөлук |
| 6. | Госпиталдык терапия 2 | Hospital therapy 2 | 10 | 5, IX | GM | Негизги бөлук |
| 7. | Ички оорулар 4 | Internal diseases 4 | 10 | 6,XI-XII | GM | Негизги бөлук |
| 8. | Эндокринология | Endocrinology | 3 | 3, VI | GM | СТК |
| 9. | Өндуруштук практика: «Мед.айымдын жардамчысы» | Practice "Nurse assistant" | 6 | 2,IV | GM | Өндуруштук практика |
| 10. | Өндуруштук практика:"Үй булөлук дарыгердин жардамчысы" | Practice "Assistant to the doctor of family medicine center" | 3 | 5, IX | GM | Өндуруштук практика |

Кафедраны улук окутуучусу Р.Ш. Салиева жарыш созго чыкты: «Факультеттик терапия дисциплинасынын ДОМКи 19+ бюллетенге, мамлекеттик стандартга жана НББПга дал келет. БКФу тестологдордун кароосунан откон, талапка ылайык.

Доцент Ф.Р.Тажибаева Госпиталдык терапия дсциплинасынын ДОМКи талаптарга жооп берерин баса белгилеп отту.

Кафедранын окутуучусу Карабекова Н.М. Ички оорулардын пропедевтикасы дисциплинасынын жумушчу программасы, силлабусу талапка ылайык экендигин, БКФнун тестолог эскерткен пункттар толугу менен ондолбогонун баяндады.

Кафедранын улук окутуучусу Эсенгелди кызы Айжамал: «Ички оорулар 4» предмети боюнча жумушчу программаны жана силлабустарды 19-бюллетендин негизинде түзгөнун жана ар бир пункттарын стандартка жооп бере тургандай кылып жасаганын айтты.

Кафедранын окутуучулары Салиева Р.Ш. Мадраимова В.С, Акбалаева Б.А., окутулуучу дисциплиналардын жумушчу программаларын жана силлабустарынын түзүлүшүн окуп текшерип чыгып, туура түзүлгөндүгүн айтышты.

Төртүнчү маселе боюнча ачык сабактардын, өз ара сабакка катышуу графигин, нөөмөт графигин түзүү жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө.

Бешинчи маселе электрондук журналдарды колдонуу боюнча талкуу, методикалык иштелмелерди өз убагында жүктөө.

Угулду: тажрыйба алмашуу жаны окуу методдорун колдонуу окутуучунун азыркы талапка жооп бере турган жана окутуучулардын профессионалдык өсушүнө туртку болгон эн маанилүү нерсе бул өз ара сабакка катышуу жана ачык сабактар деп белгилеп кетти кафедра башчысы Маматова С.М.

Мугалимдердин нөөмөтөрүн бөлүү жана түзүүгө жооптуу деп кафедранын улук лаборанты Кубанычбек кызы Токтайым ачык сабактар жана өз ара сабакка катышуу графиктерин түзүү Оморова А.Н.га жүктөлдү.

Ассистент стажерлор: Оморова Нургул Турдалыевна жана Мадраимова Венера Сапарбековна жыл ичинде жасаган окуу иштери, тарбиялык, илимий жана коомдук иштери боюнча кенен отчет жасашты.(тиркеме 1,тиркеме 2)

Отчеттун сонунда томонгү ПОК жарыш созго чыгышты:

Кафедранын завучу Эсеналиева Ж.А. : "Кафедранын ассистент- стажеру Оморова Нургул жыл ичинде окуу иштери боюнча активдүү иш жүргүздү, окууу иштери боюнча жургузгон пландык иштери боюнча оз ара катышуу иштерин жана ачык саатын активдуу өткөрдү. Ички оорулар сабагы боюнча иш пландарын жана студенттер учун силлабустарды жеткиликтүү түрдө иштеп чыкты. Ачык сабагын интерактив методикаларын колдонуп мыкты денгээлде отту. Окутуучу кызматка откорууну сунуштайм.
Кафедранын илимий иштери боюнча жооптуу Мурзабек к. А. томондогудой оюн билдирди: биздин ассистен стажерлорубуз Оморова Н.Т. жана Мадраимова В.С."өз жумуштарына так жана жоопкерчилик менен аткарышкандарын жана студенттер менен болгон мамилеси жана аларга койгон талабы кучтуу жана адилеттууэкендигин баса белгиледи. Группалары менен туура мамиледе иштеп, тыгыз байланышта болушту.Ошондой эле Нургул Турдалыевна илимий макаласы беделдуу журналга чыккандыгын айта кетишим керек. Ал эми Венера Сапарбековна кафедранын аспиранттары менен илимий изилдөө ишин даярдоодо бир топ жигердуу иш терди алып барды.
Кафедранын куратордук иштери боюнча жоопту Таалайбек к. А.: "Кафедранын ассистент стажерлору Оморова Нургул жана Мадраимова Венера жыл ичинде Eng-10-17, Eng-14-17, Eng-20-18 группаларына куратор катары дайындалышып, жыл ичи студенттер менен активдуу иш алып барышты. Болгон койгойлорун он жактан чечип колунан келишинче жардам берип журушту. Берилген тапшырмаларды өз убагында, так аткарып жатышты. Жыл ичинде аткарылган иштерине баа беруу менен эки стажерубузду окутуучулукка сунуштайм".
Улук окутуучу Эсенгелди кызы Айжамал ассистент-стажер Мадраимова Венера Сапарбековна жогоруда отчетунда баяндагандай жыл ичинде окуу иштери боюнча мыкты иш алып барды жана ачык сааттарын активдүү өткөрдү. Ички оорулар сабагы боюнча иш пландарын жана студенттер учун силлабустарды жеткиликтуу турдо иштеп чыкты. Ачык сабагын интерактивдүү методикаларын колдонуп мыкты денгээлде отту. Окутуучу кызматка өткөрүүнү сунуштайм.

Ошондой эле кафедранын окутуучулары: Н.М. Карабекова жана Р.М. Ажимаматова Мадраимова В.С. студенттер менен тыгыз байланышта иш алып баргандыгын, коомдук иштерге такай катышкандыгын айтып өтүштү.

ТОКТОМ:

1. Томондогу ПОК 2022-23-окуу жылы учун кафедранын:

   1. Оморова А.Н.-кафедранын окуу иштеринин башчысы

   2.Таалайбек кызы Гулбурак-кафедранын окуу-методикалык кенешмесинин төрайымы

   3.Таалайбек кызы Акмарал.-кафедранын улук куратору

   4.Мурзабек к. А. -кафедранын илимий иштер боюнча жооптуү.

   5. Карабекова Н.М.-сайтка жооптуү болуп шайлансын.

2. Кафедранын иш пландары, илимий иш планы,куротордук иш планы, ОМК нын иш пландары түзүлүп бекитилсин.

Жооптуулар:

1. Оморова А.Н.
2. Турдалиев С.О.
3. Мурзабек к А
4. Салиева Р.Ш.

3. 2022-2023 жылдарына дисциплиналардын окуу методикалык комплексттери төмөндөгү дисциплиналарга бекитип берүү үчүн факультеттин окумуштуулар кенешине сунушталсын:

| № | Дисциплинын аталышы. | Англисче аталышы | кредити | Курсу жана семестри | специалитети | Орду |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ички оорулардын пропедевтикасы 2 | Propedeutics of Internal Medicine 2 | 5 | 3,V | GM | Негизги бөлук |
| 2. | Ички оорулардын пропедевтикасы 1 | Propedeutics of Internal Medicine 1 | 5 | 2, IV | GM | Негизги бөлук |
| 3. | Факультеттик терапия 1 | Faculty Therapy 1 | 5 | 3,VI | GM | Негизги бөлук |
| 4. | Факультеттик терапия 2 | Faculty Therapy 2 | 5 | 4, VII | GM | Негизги бөлук |
| 5. | Госпиталдык терапия 1 | Hospital therapy 1 | 5 | 4, VIII | GM | Негизги бөлук |
| 6. | Госпиталдык терапия 2 | Hospital therapy 2 | 10 | 5, IX | GM | Негизги бөлук |
| 7. | Ички оорулар 4 | Internal diseases 4 | 10 | 6,XI-XII | GM | Негизги бөлук |
| 8. | Эндокринология | Endocrinology | 3 | 3, VI | GM | СТК |
| 9. | Өндуруштук практика: | Practice "Nurse | 6 | 2,IV | GM | Өндуруштук практика |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | «Мед.айымдын жардамчысы» | assistant" | | | | |
| 10. | Өндуруштук практика:"Үй бүлөөлүк дарыгердин жардамчысы" | Practice "Assistant to the doctor of family medicine center" | 3 | 5, IX | GM | Өндуруштук практика |

4. Кафедранын сааттарынын эсеби жана окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү бекитүүгө сунушталсын.

5.1.Өз ара сабактарга катышуу , ачык сабактардын графиктери түзүлсүүн жана бекитилсин. Жооптуу: Оморова А.Н.

5.2. Кафедранын ассистент- стажеру Оморова Нургул отчету жактырылсын.

5.3 Кафедранын ассистент-стажеру Оморова Нургул окутуучу кызмат ордуна сунушталсын.

5.4. Кафедранын ассистент- стажеру Мадраимова Венера Сапарбековнанын отчету жактырылсын.

5.5. Кафедранын ассистент-стажеру Мадраимова Венера Сапарбековна окутуучу кызмат ордуна сунушталсын.

5.6. Бул сунушту бекитуу Ош мамалекеттик университетинин ректору, профессор Кожобеков Кудайберди Гапаралиевичтен суралсын.

Төрайым:

Маматова С.М.

Катчы:

Таалайбек к. Г.